# Жеке жактын жеке маалыматтарды чогултууга жана иштетүүгө макулдугу

Мен, жеке маалыматтардын субъектиси катары, https://chain-bridge.org/kg веб-сайтына катталуу менен жана ага жеке мүнөздөгү маалыматтарды жана/же документтерди жүктөө менен, эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен «Чейн Бридж» жоопкерчилиги чектелген коомуна (мындан ары – Кармап туруучу) төмөнкүлөргө макулдук берем:

- **Иштетүүгө** (ыкмаларына карабастан, жеке маалыматтарды кармап туруучу (ээси) тарабынан же анын тапшырмасы боюнча, автоматтык каражаттар менен же аларсыз жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоо, бөгөттөө, өчүрүү жана жок кылуу максатында аткарылуучу ар кандай операция же операциялардын жыйындысы);
- **Жеке маалыматтарды берүүгө** (жеке маалыматтарды кармап туруучу (ээси) тарабынан жеке маалыматтарды Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 31-июлундагы № 178 Санариптик кодексине (мындан ары – «Санариптик кодекс») жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга берүүсү);
- **Жеке маалыматтарды чек ара аралык берүүгө** (жеке маалыматтарды кармап туруучу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы иштетүүчүлөргө берүүсү),

**төмөнкү жеке маалыматтарды:** фамилиясы; аты; атасынын аты (болсо); жарандыгы; жынысы; курагы; туулган күнү жана жери; негизги ким экендигин тастыктоочу документтин номери; аталган документтин берилген күнү, ошондой эле документти берген орган жөнүндө маалыматтар; жашаган жери боюнча катталган дареги; иш жүзүндө жашаган дареги; айдоочулук күбөлүгүнүн маалыматтары; жеке идентификациялык номери (салык төлөөчүнүн номери), бюджеттен тышкаркы (пенсиялык, социалдык) фонддордогу каттоо жөнүндө маалыматтар; телефон номери; электрондук почта дареги; соттуулугунун бар же жок экендиги жөнүндө маалымат; кирешелери, чыгашалары, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалыматтар, ошондой эле бакубаттуулуктун булактары жөнүндө башка ар кандай маалыматтар; ачылган банктык эсептер, банктык карталар, электрондук акча капчыктары жана (же) виртуалдык активдердин капчыктары (идентификаторлору) жөнүндө маалыматтар, ишкердик жана (же) башка экономикалык ишти жүзөгө ашыруу жөнүндө маалыматтар, анын ичинде юридикалык мекеменин уставдык жана (же) акционердик капиталына катышуу аркылуу (бирок муну менен чектелбестен); эмгек ишин жүзөгө ашыруу, иш берүүчү жана эмгек акынын өлчөмү жөнүндө маалыматтар; ээлеген кызматы жана жарыяланган кызмат адамынын үй-бүлө курамы жана жакын адамдары жөнүндө маалыматтар; жеке сүрөтүм жана (же) менин катышуумдагы башка аудиовизуалдык сүрөттөр; жеке колум; Платформадагы менин операцияларым (бүтүмдөрүм) жөнүндө маалымат; Кармап туруучу менен сүйлөшүүлөрүмдүн маалыматтары, анын ичинде техникалык кызматка (колдоо кызматына) кайрылуу аркылуу;

**ошондой эле Кармап туруучу тарабынан автоматтык режимде чогултулуучу жеке маалыматтарды:** IP-дарек; геолокация; идентификатор, түзүлүштүн түрү жана операциялык тутумдун аталышы; жарнамалык идентификатор; браузер жөнүндө маалымат (аталышы жана версиясы); аутентификациялык маалыматтар (коопсуздук коддору, шилтемелер, «reCAPTCHA» тибиндеги тестирлөө ж.б.); cookie файлдарынын

маалыматтары, браузердин маалыматтары (кирүү тарыхы), демографиялык маалыматтар, кызыкчылыктар жана керектөөчүлүк артыкчылыктар.

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды Кармап туруучуга төмөнкү максаттарда иштетүү үчүн берем: **i)** Кармап туруучу жана (же) анын тапшырмасы боюнча үчүнчү жактар тарабынан менин ким экенимди текшерүү (б.а. идентификациялоо жана (же) верификациялоо) боюнча аракеттерди жүзөгө ашыруу; **ii)** менин ким экенимди тийиштүү же күчөтүлгөн текшерүүнүн натыйжасында Кармап туруучу тарабынан мен же мен өкүлчүлүк кылган жак менен ишкердик мамилелерди түзүү же түзүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алуу; **iii)** түзүлгөн (акцепттелген) келишим жана (же) мен тараптан кабыл алынган колдонуучу келишими боюнча укуктарды ишке ашыруу жана Кармап туруучунун милдеттенмелерин аткаруу; **iv)** банктык операцияларды жүзөгө ашыруу; **v)** Кармап туруучу тарабынан ишкердик мамилелерге мониторинг жүргүзүүнү уюштуруу; **vi)** маалыматтык коопсуздукту (киберкоопсуздукту) камсыз кылуу; **vii)** Платформанын туура иштешин камсыз кылуу; **viii)** Кармап туруучу тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу, жөнөкөйлөтүү жана (же) башкача модификациялоо; **ix)** промоакцияларды уюштуруу жана өткөрүү.

**Мен төмөнкүлөр тууралуу кабардармын:**

- Менин жеке маалыматтарым Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына так ылайык, мыйзамдуулук, ак ниеттүүлүк, купуялуулук жана иштетүү максаттарынын шайкештиги принциптеринин негизинде иштелип чыгат;
- Макулдук иштетүү максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон мөөнөткө берилет жана Платформага жазуу жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү аркылуу каалаган убакта кайра кайтарылып алынышы мүмкүн;
- Макулдук кайра кайтарылып алынган учурда Платформанын кызматтарын андан ары колдонуу мүмкүн болбой калышы мүмкүн;
- Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайра кайтарылып алынган учурда, Кармап туруучу аларды Санариптик кодекстин 83-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык иштетүүнү улантууга укуктуу.

Бул макулдук сайтта катталуу учурунда белги коюу аркылуу электрондук түрдө берилет жана өз колу менен коюлган колго теңдеш болгон жөнөкөй электрондук кол тамга катары таанылат жана жазуу жүзүндө таризделген макулдукка барабар юридикалык күчкө ээ.

Макулдук берилген күн Платформада катталган күн менен аныкталат.